***А.Жамашова***, *БГУ*

# ЭЛЕСТҮҮ ЭТИШТЕРДИН КЫРГЫЗ-ТҮРК ТИЛИНДЕГИ АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРЫ

Морфологиялык изилдөөлөрдө сөздүн турпатын мүнөздөгөн анын тыбыштык түзүлүшү болсо, анын маани – маңызын, б.а., ички маани-мазмуну сөздүн уңгусу менен ага уланган мүчө аркылуу берилерин баса көрсөтөбүз. Андыктан, сөздүн формасы жөнүндө анын уңгусу менен катар формасынын өзгөрүп турушу ага уланган мүчөлөр аркылуу ишке ашарына өзгөчө карап өтөбүз.

Кыргыз тилинде жана түрк тилинде экөөндө тең сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр бар.Сөз тутуму анын жасалышына карай тубаса жана туунду болуп болуп бөлүнөт.Эки тилде тең эле туунду сөздөр жана туубаса сөздөр, бирдей кездешет.

Морфологиялык курулушу боюнча **үн - элес тууроочу сөздөр**, алгач сөздөн, туунду сөздөн турат.Түрк тилинде үн тууроочу сөздөрдүн морфологиялык түзүлүшү төмөнкүчө;

**1) уңгу сөз**

**2) туунду сөздөн турат.**

Уңгу түрүндөгү сөз *үн - элес - тууранды* сөз болот. Үн тууроочу сөз жогоруда фонстикалык жагынан көрүнгөндөй *Үнсүз, үндүү* жана *үнсүз, үнсүз* жана *үндүү, үнсүз, үнсүз*; *Үнсүз, үнсүз, үндүү, үнсүз* болуп уңгу сөзгө карата бөлүнөрүн көрдүк.

Түрк тилинде уңгу сөздөр кыргыз тилиндегидей үндүү менен аяктаса, үндөшүп, үнсүз менен аяктаса каткалаңдашып, үндүү үнсүз менен аяктаса, жумшарып кетет.

Түрк тилинде мүчөлөр;

1) *– ıl (- il, - ul, - ül)* мүчөлөрү көбүнчө аягы **“r”** менен аяктаган *hor-ul, mır- ıl, par – ıl* сөздөрүнөн кийин уланып келет.

2) аягы “*c, (c), k, g, p,(b)* менен аяктаган тыбыштардан кийин, *gıc-ır, tak – ır, şap- ır, gümb- ür* болуп уланат.

Эгерде үн тууроочу сөздөрүн уңгусу башка үнсүздөр менен аяктаса, анда аларга жардамчы болуп, *- ır*, же *- ıl* мүчөсүнөн кийин *hış-ır, tang – ır, zıng – ıl, zıng-ır, hom – ur* болуп уланып келет.

Тууранды сөздөрдүн уңгусун *– ık, -ak* мүчөсү уланып андан ары күчөтүп өнүктүрөт.

*«cızık»* – чартылдагандагы чыккан үн, (салыштырып көрөлү; *cız,cızır* - этти кууруганда чыккан үн); *vızık* - көгүчкөндүн, чычкандын чаңыргандагы үнү, *vız-* ызылдоо, *ciyak-(cıyak)*– чоң куштун кыйкырган үнү, *şırak-* бир нерсени койгондогу чыккан үн, *şır- şır* булактын шырылдаган үнү.

Б) *– p- a- la;*

*Hoppala* - тез кыймыл же секиргенде чыккан үн, салыштырып көрөлү; *hop “гоп”*, дагы *“hoppa”*- жеңил ойлуу же (кокетка), кылыктуу. Дагы салыштырып, бөлүп алып, карап көрөлү; **trank** - монетанын жерге же ташка тийгендеги чыккан үнү; *çatra patra söylemek,* шашып – бушуп сүйлөө, *çat pat konuşmak* – мында, кыргызчасын алып карасак, шаша – буша сүйлөө. – **ып ( - уп,- үп, -п),** түркчөсү – **ra (- re, - rö, -r)** болуп уңгуга мүчө болуп келет. Эки тилде тең окшош.

Элес – тууранды сөздөр жогорудагы көрсөтүлгөн принцип боюнча өнүгөт.Элестүү сөздөр, этиштин өнүмдүү негизи катары келип, сүйлөм ичинде кош сөз катары, бышыктооч болуп келет. Морфологиялык жагынан төмөнкү мүчөлөрдүн жардамы аркылуу уюштурулат:

1) *- ım, - im, - um,* (көбүнчө негизден кийин, уңгунун аягы “*l, r, z”*): *burum – burum burulmak - оролуп – оролуп оролгон* деген маанини берет. Бул сөз түрк тилинде элестүү сөз болгону менен кыргыз тилинде элестүү сөз боло албайт.

*İlim – ılim ilimek “илгич менен илинген”* - бул сөз деле кыргыз тилинде элестүү сөз эмес, зат атоочтун милдетин аткарат.

*Sızım- sızım sızlamak “сыздап ооруу”* - бул жерде бышыктооч болуп калды.

*Tepim – tepim tepinmek “буту менен жер тепкилөө”* – бул жерде деле кыргыз тилинде элестүү этиш болбойт.

*Eşim – eşim eşilmek – жылкы буту менен жер чапчуу.*

*Döğüm – döğüm döğünmek – көшөкөрлөнүү.*

*2) - ık, - ik, - uk, - ük;*

*Didik – didik didiklemek; майда- майда бөлүккө бөлүү;*

*İlik – ilik iliklemek; баарын бүчүлүк менен бүчүлөө;*

*3) -ın, - in, - un, ün;*

*Esin – esin esmek; дуулдоо (шамалдын дуулдашы);*

*Dizin – dizin dizinmek; тизүү, бир нерсенин баарын текши коюп чыгуу;*

*4) - ış, - iş, - uş, -üş;*

*Yapış – yapış yapışmak; жабышуу, жармашуу;*

*Didiş – didiş didişmek; быт чытын чыгарып, тытуу.*

Жогоруда, биз көргөн түрк тилинде элестүү сөз, тууранды сөздөр кыргыз тилиндеги тууранды сөздөр менен элестүү сөздөр менен туура келбейт. Кыргыз тилиндеги тууранды, элестүү сөздөргө мисалдарды келтирип көрөлү;1) *– ыр, - ир, - ур, - үр; шатыр – шатур этмек*– кыймыл – аракеттин одоно угулушу; 2) *–кшаңк – шаңк шаңкылдамак* – адамдан чыккан шаңдуу үн, күлкүнүн бир түрү; 3) *– ыр, - ир, - ур, - р;кырр – кырр кыркырамак* – малдын же адамдын кыйналгандагы чыккан үнү;

1) Татаал кыймыл – аракетти билдирген элестүү сөздөрдө, көбүнчө аягы *“ң”* тыбышы кээде *“к”* тыбышы менен аяктайт.

*2) дардаң – дардаң дардаңдоо* – адамдарга гана мүнөздүү кейрөңдүктүн бир түрү;

*3) сорок – сорок сороктоо* – жандуу жана жансыз заттардын экөөнө тең тиешелүү.

*- ла* мүчөсү аркылуу жасалган элестүү сөздөр, морфологиялык жагынан элестүү этиштер менен өтө жакын. Ушул мүчө аркылуу гана этиштин формасы өзгөрүп, жаңы сөз жасалат. Аягы “**ң, к**” тыбыштары менен бүткөн элестүү сөздөрдү этиш деп караого болбойт, анткени алар этиштин мүчөлөрү

менен өзгөрбөйт, жаңы сөз жасоодо уңгу болуп гана кызмат кылат. Аягы “**й**” менен бүткөн элестүү этиштер элестүү сөздөрдөн түзүлгөн деп кароо да туура болбойт. Аягы “**й”** менен бүткөн элестүү этиштерди элестүү сөздөргө **(- ң, - к** менен бүткөн) салыштырганда элестүү сөздөрдүн аякки тыбыштары, кошумча элементтери түшүп калгандай болуп көрүнөт *(калдаң калдай, дардак дардай)*, бирок чындыгында андай эмес. Экөө тең бир уңгуга кошумча элементтеринин жалганышы аркылуу: элестүү сөздөргө **- ң, -к** элементтеринин, элестүү этиштерге **- к** элементинин кошулушу аркылуу жасалган. Морфологиялык бул көрсөткүчтөр жалганган уңгулардын көпчүлүгү азыркы мезгилде өз алдынчалыгын жоготушкан, өлүү уңгуга айланышкан. Мисалы; “**болчой, соксой**” деген сөздөр өз алдынча колдонулбайт, ал эми кээ бир тилдерде уңгу сөз катары колдонулат.

Аягы **– й** тыбышы менен бүткөн элестүү сөздөр заттардын кыймылсыз тургандагы сырткы көрүнүшүн билдирет. Мисалы; “**далдай”** дегенде бир нерсенин далдайып турганын гана түшүнөбүз; “**тарбай”** дегенде бутактуу нерсенин же колдун салааларынын тарбайып турганын түшүнөбүз. Бул түшүнүктордо эч кандай кыймыл жок. Алар заттардын тигил же бул формада тургандагы абалын көрсөтөт. Ал эми аягы **“ң”** менен же **“к”** тыбышы менен бүткөн элестүү сөздөрдөн жасалган этиштер болсо, кыймыл процессиндеги элестүү көрүнүштүн кайталанышын билдирет; *коёндун кулагы сереңэтти же коёндун кулагы сереңдеди десек, “сереӊ”* дегенде бир жолу болгон кыймыл, *“сереңдеди”* десек бир нече жолу болгон кыймылды билдирип калды. Элестүү сөздөр морфологиялык жагынан да, фонетикалык жагынан да табыш тууранды сөздөр элестүү сөздөр менен окшош.

Булардын сөз жасоочу мүчөлөрү – **а,- ылда:** *жылтыр – жылтыра, желбир – желбире, жалт – жалтылда, жылт – жылтылда.*

Бул элестүү сөздөрдөн сын атооч **–к** мүчөсү аркылуу түзүлөт: жалтыра – к – жылтырак, жылтылда – к –жылтылдак ж.б.

Элестүү сөздөрдө төмөндөгүдөй кошумча элементтер менен болгон окшоштуктар мүнөздүү:Аягы **-т, - к, - п** тыбыштары менен бүткөн элестүү сөздөр кыймыл – аракеттин тездигин билдирет; *жал – жал (жал – жал карайт); жал-т- жалт* – тез карагандыкты, же бир кублуштун тездигин билдирүүчү элестүү сөз; *Ал мени жалт карады. Алыстан жарык жалт этти.Жал – п – жалп:* От жалп этип өчтү. Мында жалп деген сөз оттун тез өчкөндүгүн билдирип турат.

Мөл –мөл – т – мөлт; Көзүнүн жашы мөлт этти. Бул сөздөргө жогорку айтылган - ыр элементи жалганып, элестетилген кубулуштун белгилүү бир убакытка чейин созулганы, же алардын биринин артынан бири кайталанганы берилет.

Демек, эки тилде тең кыргыз жана түрк тилинде элестүү сөздөр кош сөз катары кайталангандан бир маанини бере турганы көрүнүп турат. Бул жагынан морфологиялык түзүлүшү боюнча окшош экенин көрөбүз.

Аягы **-ыр** мүчөсү менен аяктаган сөздөргө дагы кошумча элементтер кошулса, ал сөздөр кайрадан кескиндикти, тездикти билдирип калат;

*Желбир – т –желбирт ( жел- п – ыр –т); жалбыр – т – жалбырт (жалп – ыр – т); даңгыр –т – даңгырт (даң – к –ыр –т); шың – гыр –т шыңгырт (шың гыр – т) ж.б.*

Элестүү сөздөр менен табыш тууранды сөздөрдүн айырмачылыгына караганда окшоштугу көп. Морфологиялык жагынан да окшош. Бирок бул сыяктуу ажыратууда экөө бири – бирине дал келбейт:

*Чуркурашат өз ара, тамга конуп каргалар,*
*жай, күз кетип, кыш келди,*
*балпалактап жаа жерге кар.*

(Н. Ж. “Кар тилеген каргалар”).

Мындан бир эле сөздү алып көрөлү; *“балпалактап”*(морфологиялык), *бал- п-ла-к-та-п* (муунга ажыратылды), туюк муун.

Биз жогоруда карап өттүк, муун түзүлүшүнүн структурасы үндүү – үнсүз, үнсүз – үндүү – үнсүз болуп өз ара тыгыз байланышта болот.

Муун түзүлүшү боюнча ачык, жабык, туюк муун болуп бөлүнөт.

Мисалдарга көңүл буралы:

1. Ар кимден *чырк – чурк* дан сурайт,
   Амалы калбай дан сурар.

“*Чырк – чурк*” деген үн тууроочу сөздө төрт тамга, төрт тыбыш бар. Туюк муундан турат.

2. *Үкүбаланы Эдигей айталбай калган сөзү бардай* ***кылчак –кылчак*** *карай берди.* Бул мисалда *“кылчак- кылчак”* деген грамматикалык маани жагынан сын атоочтук белгини билдирип турат. белгилүү бир грамматикалык топко кireби же жокпу, аны сүйлөм тизмегинен алып уңгу жана мүчөлөргө ажыратып, маанисин билип алабыз. Бир эле сөздө грамматикалык бир канча маани болушу мүмкүн. *“Кылчак - кылчак”* сөзүн алып көрөлү; сөз түркүмү жагынан элестүү этиш, кыймыл-аракетти билдирет; этиштин өткөн чагын билдирип турат. 1- жакка таандык.

Морфологиялык составы боюнча уңгу мүчөгө ажырата турган болсок, **уңгусу** *“калч – калч”* ага - а формасындагы чакчылдар менен айкашканда, кыймыл-аракеттин тездигин, чукулунан болгондугун да көрсөтүп калды. – *к* жакты билдирүүчү мүчө, 1- жактын мүчөсү.

3. *Шамал гана акырын ышкырып, жол шагылдын арасындагы таштанды кагаздарды* ***дирилдете*** *кубалап жүрөт. “Дир - дир”* үн тууроочу сөз, этиштик маанини билдирип турат. туунду сөз, составы жагынан уңгу мүчөгө ажыратылат. Уңгусу дир – дир ага этиштин туюк мамилесинин - ыл мүчөсү - де жатыш жөндөмөнүн мүчөсү - е 2- жакты уюштуруучу мүчө.

4. ***Күрс – күрс*** *вагондорун койгулашып, состав энтиге келип токтогондо вагондордун үстүнөн учкан чоң жарыкка* ***жылт – жулт*** *учкундап, уюлгуп, кыймылы көпкө токтобой турду.* Сөздүн жалпы толук маанисинде *“күрс - күрс, жылт - жулт”* табыш тууроочу жана элес тууроочу сөз. Бул жерде көрүнүп тургандай уңгу жана мүчөгө ажырабайт. Туубаса сөз.

5. *Бүрүшүп отурганга* ***калч –калч*** *эткен кичинекей томолок болуп, өзүнүн чексиз кайгысына чөгүп баратат.* Бул жерде да туубаса этиш. *“Калч - калч”* деген кыймыл-аракетти билдирип турат, ага *“эткен”* деген этиштин татаал формасын уюштуруучу жардамчы сөздү кошуу менен этиштин татаал формасын анын ичинен элестүү татаал этиш көрүп турабыз.

6. *Балдар парталарды* ***шак – шук*** *эттире кайра орундарына отурушту. “Шак- шук”* деген тууранды сөз кыймыл-аракеттинтездигин билирип турат, *“эттире”* деген жардамчы этиш сөздү кошуу менен татаал этиштин алдык.

7. *Машина тегирмендин ташына таш түшкөнсүп,* ***күлдүрөп, какыр – кукур*** *эттире үн чыгарды. "Күлдүрөп"* белгилик жагынан сын атоочтук белгини билдирип турат. Сөз түркүмү жагынан этиш, кыймыл - аракетти билдирет. Морфологиялык жагынан туунду этиш. *Күлдүр - ө - п,* мында, аягы "а, ө, о, е" мүчөсү менен жасалган этиштер табыш тууранды сөздөрдөн келип чыгат.

8. *Чамадандарын көтөрүп алып, вагондорго* ***култ – култ*** *кирип алышат.* Бул жерде дагы *"култ- култ"* деген сөз туубаса этиш болуп турат. Кыймыл-аракеттин тездигин, ыкчамдыгын билдирип, туранды сөздөн этишке өтүп кетти.

10. *Себеби жолборс* ***мөлтүрөп*** *жашы тамарда катуу айкырат.*

Белгилик касиети жагынан "мөлтүрөп" сын атооч, сөз түркүмү жагынан этиш. Морфологиялык жагынан туунду сөз, анткени уңгу жана мүчөдөн турат. Уңгусу "*мөлт*", *мөлт – үр -ө - п.* Биз бул жерде этиштик ган формасын карап жатабыз, эгер морфемаларга ажыратсак анда *мөл-т- үр - ө- п* болуп, алгачкысы этиш эмес, зат атооч болуп калат да, сөздөн сөз жасалып жатат.

Бизге белгилүү болгондой тууранды сөздөрдүн жана элестүү сөздөрдүн морфологиялык жагынан жасалуу жолдорун карап чыктык.

***Адабияттар***

1. Абдиев, Т.К. Кыргыз тилиндеги этиштер жөнүндө кээ бир статистикалык маалыматтар [текст]/ Т.К. Абдиев // Түркологиялык изилдөөлөр. – Б., 2000.

2. Абдувалиев, И. Азыркы кыргыз тили: Морфология [Текст] / И. Абдувалиев, Т. Садыков. - – Б.: Б-сыз, 1997.

3. Азыркы кыргыз тили [Текст] . – Ф.: 1958. -2 бөлүм: Сөз түркүмдөрү. – 159-б.

4. Давлетов, С. Азыркы кыргыз тили: морфология [Текст] / Давлетов, С. Кудайбергенов. –Ф.: Мектеп, 1980.

5. Давлетов С., Мукамбаев Ж. Кыргыз тилинин грамматикасы. [Текст] / С.Давлетов. –Ф.,1982.

6. Дмитриев Н.К. Турецкий язык. [Текст] /Н.К. Дмитриев. –М.:1966.

7. Дербишева З. Функциональная грамматика русского и кыргызского языков [Текст] / З. Дербишева. –Б., 2003.

8. Дмитриев Н.К. Строй турецкого языка [Текст] / Н.К. Дмитриев. –М., 1962.

9. Сарыбаев Ш.Ш. Подражательные слова и их отношение к междометиям, Из. АН Казахской ССР №135, Сер. Филологии и искусствоведения, вып. 1-2, 1954. Сарыбаев, Ш.Ш. , междометие в казахском языке. –Алма ата, 1959.

10. Muharrem Ergin, Türk Dili.- İstanbul,1985.

11. Muharrem Ergin, Türk Dili.- İstanbul,1990.

12. Türk Dili.-III. –Ankara,1993

13. Türkçe öğreniyoruz-I, -İstanbul,1997

14. Türkçe öğreniyoruz-II, -İstanbul,1997.